# Текстовой материал для интерпретации в тестах для восьмого задания

Например:

Кыргыз элинин «Манас» эпосу эмнени даңазалайт?

эрдикти, жоокердик ар намысты, Октябрь революциясын

эрдикти, жоокердик ар намысты, Мекенди ыйык тутууну

эрдикти, Кыргыз Республикасын, Мекенди ыйык тутууну

байларды, жоокердик ар намысты, Мекенди ыйык тутууну

В данном виде тестового задания нужно сделать единичный правильный выбор: из четырех вариантов ответа только один содержит все элементы правильного ответа. Все варианты данного задания построены на представленных ниже двух текстах (а не на всем курсе кыргызского языка), поэтому нужно проанализировать каждое предложение.

## Тексты, используемые для интерпретации задания в тесте

### КЫРГЫЗ ЭЛИНИН «МАНАС» ЭПОСУ

### (НАРОДНЫЙ ЭПОС КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА «МАНАС»)

| | |
|---|---|
| Кыргыз элинин «Манас» эпосу — эрдикти, жоокердик ар намысты, Мекенди ыйык тутууну даңазалаган залкар чыгарма. | Эпос “Манас” кыргызского народа – это величественное произведение, прославляющее мужество, воинскую честь и любовь к Родине. |
| Кыргыз эли өзүнүн эркиндиги менен көз карандысыздыгын коргоп, чет элдик баскынчыларга каршы кылымдар бою баатырдык менен күрөшүп келген. | Кыргызский народ защищал свою свободу и независимость, героически боролся на протяжении веков с иноземными захватчиками. |
| Баатырдык даңазалап ырдоонун түбөлүктүү темасына айланган. | Героизм стал извечной темой прославления. |

| | |
|---|---|
| «Манас» эпосу жазма адабияттын да, сүрөт өнөрүнүн да, театрдын да милдетин аткарган. | Эпос “Манас” выполнял роль и письменной литературы, и изобразительного искусства, и театра. |
| «Манас» эпосу — кыргыз элинин тарыхы гана эмес, анын турмуш-тиричилиги, чарбачылыгы, адат-салты, адеп-ахлагы жөнүндөгү нукура эпикалык чыгарма. | Эпос “Манас” – это не только история кыргызского народа, это ещё истинно эпическое произведение о быте, хозяйстве, традициях и нравственности. |
| «Манас» баштан аяк ыр менен айтылат. | Эпос “Манас” от начала до конца сказывается стихами. |
| Эпосто 500 миңге жакын ыр сабы бар. Ал көлөмү жагынан дүйнөдөгү белгилүү дастандардын бардыгынан ашып түшөт. | В эпосе около 500 тысяч стихотворных строк. По своему объему он превышает все известные в мире эпосы. |
| Эпостун идеялык пафосу кыргыз элинин чет жердик баскынчыларга каршы күрөшүнө байланыштуу. | Идейный пафос эпоса связан с борьбой кыргызского народа с иноземными захватчиками. |
| Элдин жол башчысы жана шыктандыруучусу — Манас. Ушул башкы образдын айланасында үчилтиктин («Манас», «Семетей», «Сейтектин») бардык башка окуялары өнүгөт. | Предводитель народа и его вдохновитель – Манас. Вокруг этого главного образа развиваются все другие события трилогии (эпосов “Манас”, “Семетей”, “Сейтек”). |
| Негизги идеясы — кыргыздарды бириктирүү. | Основная идея – объединить кыргызов. |

## КЕНЖЕ ФОРМАДАГЫ ЭПОСТОР
## (ЭПОСЫ МАЛЫХ ФОРМ)

| | |
|---|---|
| «Кенже формадагы» эпостордо деле баатырдык даңазаланат, ошондой эле социалдык-турмуштук проблемалар | В эпосах малых форм также прославляется героизм, социальные проблемы повествуются в лирико-романтическом аспекте. |

| | |
|---|---|
| лирика-романтикалык аспектте баяндалат. | |
| Фольклордук чыгармалар зор көркөм күчкө, оригиналдуулукка, улуттук-эстетикалык бүтүндүккө жетишкен. | Фольклорные произведения обладают большой художественной силой, оригинальностью, национально-эстетической целостностью. |
| Көпчүлүк дастандарда демократиялык идеялар чагылдырылган. | Во многих эпосах отражаются демократические идеи. |
| «Эр Төштүк», «Кожожаш» дастандары мифологиялык-жомоктук негизде курулган. | Эпосы «Эр-Тоштук», «Кожожаш» построены на мифолого-сказочной основе. |
| «Эр Табылды», «Курманбек» дастандарында соңку феодалдык доор, кыргыздардын уруулук чыр-чатактары, чет элдик баскынчыларга каршы күрөшү жөнүндө баяндалат. | В эпосах «Эр-Табылды», «Курманбек» повествуется о феодальной эпохе, о родовых раздорах кыргызов, о борьбе против иноземных захватчиков. |
| «Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи-Бөкөйдө» кыргыз урууларынын тарыхындагы ар кандай доорлордун социалдык-турмуштук проблемалары романтикалык аспектте чагылдырылат. | В эпосах «Олжобай и Кишимжан», «Саринжи-Бокой» различные социальные проблемы в истории кыргызских родов отражаются в романтическом аспекте. |

| | |
|---|---|
| «Кожожаш» эпосунда мергенчилик жөнүндө сөз болот. | В эпосе «Кожожаш» речь идет об охоте. |
| Эпосто Кожожаш кийиктердин мифтик ээси Сур эчкинин улактарын кырат. | В эпосе охотник Кожожаш уничтожает козлят мифической покровительницы дичи Серой Козы. |
| Ошондуктан Сур эчки Кожожашты каргап, аны ээрчитип барып, жалама аскага калтырат. | Поэтому Серая Коза проклинает охотника Кожожаша, заводит его на неприступные скалы и оставляет его там. |
| Кожожаш асканын боорунда өлөт. | Кожожаш умирает на скалах. |
| Дастан жаратылыш сырларын ачуу жолунун татаалдыгы жөнүндө баяндайт. | Сказание повествует о сложностях раскрытия тайн природы. |